# Мутту жана чоң жер жаңгак




Автор: Хамси Марлон

Сүрөтчү: Улаганатан Арулрадж

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Мутту жана чоң жер жаңгак

Автор: Хамси Марлон
Сүрөтчү: Улаганатан Арулрадж
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Мутту жана чоң жер жаңгак" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *Muttu and the big peanut* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Khamsi Marlon  жана сүрөтчүсү Ulaganatan Arulradzh. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/muttu-and-the-big-peanut?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Мутту алгачкы жолу тамак издегени бара жатат!

Анын байке-эжелери өздөрүнөн элүү эсе оор тамакты оңой эле көтөрө алышат!

Мутту алардан шыктанат.





Мутту жер жаңгак таап алды. Байкуш Мутту аны көтөрүүгө колунан келишинче аракет кылды. Бирок тура да алган жок.

Мутту чалынып, сууга жыгылып түштү. Ал чөгүп кете жаздады. Бирок достору суугa жалбыракты ыргытып, аны сактап калышты.






Кургак жерге чыкканда, Мутту башка жолду байкап көрдү. Ал жер жаңгакты сүйрөп жөнөдү. Сүйрөп бара жатып, таякка бир тийди.

– Ой! Эмнеге жолдо ушунча көп тоскоолдуктар бар? – деди ал, кыжыры кайнап.

– Мутту, бул жакка кел! – деп достору ага жол көрсөттү.





Мутту жер жаңгакты тоголото баштады. Ал туура жолдо бараткандай болгон. Мутту жолдо эңкейиш бар экенин байкаган жок.

– Ай! Ай! – деп кыйкырды эңкейиштен ылдый тоголонуп бара жаткан Мутту. Ал ордунан турду. Бирок жер жаңгак ылдый тоголонуп кетти!

Мутту жер жаңгакты кармайын деп секиргенде, аны бир нерсе кулатып жиберди.





Мутту топуракка көмүлүп калып, таптакыр кыймылдай албай жатты. Достору жардамга чуркап келишти.

Алардын жардамы менен Мутту сыртка чыкты.

– Өх, мен го, аман калдым, ал эми жер жаңгак кайда калды? – деп таң калды Мутту. Жаңгак эч жерден көрүнгөн жок.





– Мутту, тезирээк келсең! – деп досу аны чакырды. Мутту жер жаңгактын жанында турган досуна чуркады! Ал жер жаңгакты кыйынчылык менен ордунан жылдырды.

Мутту өзүнүн уюгуна жеткенине өтө бактылуу эле.

– Достор, силер болбосоңор, мен жер жаңгакты жеткире алмак эмесмин! – деп ал баарына ыраазычылыгын билдирди.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Хамси Марлон
Сүрөтчү: Улаганатан Арулрадж
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- **1.3 деңгээли**

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли